Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№14 [17010] ИШЕМБИ, 16/05/2026

“ДОСТУК” ОРДЕНДҮҮ БАТЫРАЛЫ СЫДЫКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ



4-5-беттерде

ТАРБИЯ БАШАТЫ БАКЧАДАН БАШТАЛАТ



8-беттe

ДЕН СООЛУК ҮЧҮН ИЛИМ МЕНЕН БИРГЕЛИКТЕ



2-бетте

Кыргызстандык спорттук команда алдыңкы саптарда



6-бетте

Ноокат архивине чоң салым кошкон Шура Муратова



2-бетте

Илимий- практикалык конференция

Ден соолук үчүн илим менен биргеликте



Жакында Ош мамлекеттик университетинин базасында Бүткүл дүйнөлүк ден соолук күнүнө арналган «Ден соолук үчүн илим менен биргеликте» аталышындагы илимий-практикалык конференция өттү.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министринин орун басары Гүлбара Ишенапысова, ПР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн, саламаттык сактоо мекемелеринин, академиялык коомчулуктун жана КР Кызыл Жарым Ай Улуттук коомунун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, студенттер катышты.

Гүлбара Ишенапысова: «Бүгүнкү күндө заманбап чакырыктарга жооп берүү үчүн мамлекеттин, илимдин жана практикалык саламаттыкты сактоонун күч-аракеттерин бириктирүү өзгөчө маанилүү»,- деп билдирди.

Белгилесек, конференциянын алкагында төмөнкү актуалдуу темалар каралды: “Кыргызстандагы коомдук саламаттыкты сактоонун артыкчылыктары”, “Семирүүгө каршы эпидемиологиялык көзөмөл жыйынтыктары”, “Офтальмологиялык кызматтарга жеткиликтүүлүктү жогорулатуу”, ”Кардиоонкологиянын клиникалык практикадагы мааниси”, “Техногендик булганган аймактардагы коомдук саламатчылык”, “Онкологиялык ооруларды эрте аныктоо жана дарылоо” жана “Кант диабетинин жайылышы”.

Конференцияда тажрыйба алмашуу жана илимий негизделген чечимдерди сунуштоо мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Ошондой эле катышуучулар арасында активдүү талкуу болуп, актуалдуу суроолорго жооптор берилди.

К.Кыдыралиева.

Заманбап окутуу усулдары

Улут уңгусу жана “Алтын-Казык” – билим сапатына жол



Ноокат районундагы «Алтын-Казык» жалпы билим берүү мектеп мекемесинде «Улут уңгусу жана “Алтын-Казык” – билим сапатына жол» аттуу облустук семинар өткөрүлдү. Ага облустун Араван, Алай, Кара-Кулжа, Кара-Суу, Ноокат, Өзгөн жана Чоң-Алай райондорунан келген райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү, мектеп директорлору жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү катышышты. Алардын катарында Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Нурайым Атаканова, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Таалайбек Жусупов, Исанов айыл өкмөтүнүн башчысы Мирлан Пиримкулов болушту.

Семинардын жүрүшүндө аталган мектептин директору Махаматжан Сапаров жана Ош билим берүү институнун инновациялык иштер боюнча директордун орун басары Чынара Раимбекова билим берүүдө улуттук баалуулуктарды заманбап окутуу технологиялары менен айкалыштыруу аркылуу окуучуларды ар тараптуу өнүктүрүүгө багытталган иштер тууралуу баяндама жасашты.

Анда билим сапатын жогорулатуу, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү жана инновациялык окутуу ыкмаларын практикага киргизүү жана жайылтуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар тууралуу айтылды. Семинардын катышуучулары мектеп жамааты тарабынан даярдалган улуттук баалуулуктарды даңазалаган көргөзмө менен таанышып, окуучулардын чыгармачылык талантына күбө болушту.

Тарых мугалими Гүлкан Айтматова “Уңгудан бийиктикке карай жол”, Математика мугалими Нуркан Абдувалиева “Эсептөө маданияты – сарамжалдуу жашоонун негизи”, География мугалими Космира Курбанкулова “Улут уңгусунун экологиялык көз карашы” , ал эми Биология мугалими Толгонай Исакова уюштурган “Этно-инновация” деген темадагы акыл таймаш окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылыгын жана илимий изденүүсүн өнүктүрүүгө багытталды.

Акыл таймашындагы кыргыз элинин кол өнөрчүлүк мурастары, каада-салты жана нарк-насили окуучулардын кызыгуусун арттырды, логикалык тапшырмалар аркылуу улуттук түшүнүктөр математика предмети менен айкалыштырылды. Иш чара “Улуттук мурас – түбөлүк казына” аттуу программа менен жыйынтыкталып, анда улут уңгусу аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө, улуттук баалуулуктарды урматтоого тарбиялоонун мааниси өзгөчө белгиленди.

Семинардын соңунда катышуучулар тарабынан өткөрүлгөн мастер-класстарга жана жалпы иш-чаранын уюштурулушуна карата бир катар сунуш жана ой-пикирлер айтылды. Семинардын мазмуну бүгүнкү билим берүү тармагындагы актуалдуу маселелерди камтып, улуттук баалуулуктарды заманбап окутуу усулдары менен айкалыштыруу жагынан пайдалуу тажрыйба болгону белгиленди.

А.САПАРБАЕВА.

КР Архив кызматынын түзүлгөнүн 100 жылдыгына карата

Ноокат архивине чоң салым кошкон Шура Муратова

Бул жолу Ноокат райондук мамлекеттик архивинде көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенип, архив тармагына зор салым кошкон, өзүнүн иш билгилиги, жоопкерчилиги жана адамгерчилиги менен бардык архив кызматкерлерине үлгү боло алган ардактуу кызматкерлердин бири — Шура Муратова тууралуу кеп кылууну туура көрдүк. Ал 26 жыл бою архив тармагында талыкпай эмгектенип, өз ишине берилгендиги жана жогорку жоопкерчилиги менен кесиптештеринин урмат-сыйына татыган.

Шура Муратова 1955-жылдын 2-январында Ош облусунун Алай районундагы Гүлчө айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз, билими жогорку. 1971-жылы Ош шаарындагы В.Терешкова атындагы орто мектеп интернатын аяктагандан кийин Тажик ССРинин Тоолуу Бадахшан областынын Мургаб районунун Токтомуш айылындагы Т.Сатылганов атындагы орто мектепте тарбиячы болуп иштеген.

1972-1976-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунан жогорку билим алып, физика-математика мугалими адистигин алган. Шура Муратова эмгек жолун 1976-1978-жылдары Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы (мурдагы Ош облусунун Ленин району) Ж.Турусбеков атындагы орто мектебинде математика мугалими болуп иштөөдөн баштаган.

Жашаган жеринин өзгөргөндүгүнө байланыштуу, 1978-1983-ж.ж Ош облусунун Ноокат районундагы «Көк-Бел» орто мектебинде мугалим,

1983-1990-жылдары ушул эле райондун М.Горький атындагы мектеп интернатында мугалим-тарбиячы, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, 1990-1996-ж.ж райондук көркөм сүрөт гимназияда мугалим, тарбиячы болуп үзүрлүү иштеген.

Шура Муратова мектепте иштеген мезгил ичинде дайыма жаңылыкка умтулуп, алдынкы иш тажрыйбаларды, усулдук көрсөтмөлөрдү пайдаланып семинар кеңешмелерди, класстан тышкаркы иштерди уюштуруп, ачык сабактарды, факультативдик сабактарды өтүп, тынымсыз изденүү менен иштеген. Натыйжада окуткан окуучулары райондук жана республикалык олимпиадаларга катышышып алдыңкы орундарга жетишишкен.

1996-2002-жылдары Ош облустук саясий архивинде Илимий кызматкер, башкы архивист, 2002-жылдан азыркы күнгө чейин Райондук мамлекетик архивинин башчысы болуп иштеп келе жатат. Бул мезгилдердеги Улуттук Архив фондун толуктоо , аларды сактоо жана пайдаланууда аткарган иштери алгылыктуу.

Мекеме иштери жана айыл өкмөттөрү менен тыгыз байланышта иштеп сактоо мөөнөтү жеткен архивдик иш кагаздарын өз убагында мамлекеттик сактоого алууну жолго койду.

2002-жылдын 1-январына карата 20125 (жыйырма миң бир жүз жыйырма беш) сактоо бирдигине болсо азыркы күндө 45797 (кырк беш мин жети жүз токсон жети) сактоо бирдигине көбөйсө 2019-жылдын 1-январына карата 63779 (алтымыш үч миң жети жүз жетимиш тогуз) сактоо бирдиги сактоодо турат.

Мекеме-ишканалардын жана айыл өкмөттөрүнүн иш кагаздарынын туура жүргүзүлүшү жана сакталышы боюнча семинарларды өткөрүүнү уюштуруп, усулдук жардамдарды көрсөтүп турат. Архивдик иш кагаздарынын эсебин жүргүзүү, жамапжаскоо, тизимдерин кайра иштөө, санын жана сакталыш абалын текшерүү иштери пландуу жүргүзүлөт.

Архив ишиндеги жараткан ийгиликтери үчүн:

1999-жылы Облустук мамлекеттик администрациясынын « Ардак грамотасы», 2003-жылы жогорку уюштуруучулук иштери үчүн райондук мамлекеттик администрациясынын диплому, 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу КР мамлекеттик архив кызматынын «Ардак грамотасы», 2006-жылы КР Архив кызматынын 80 жылдыгына карата « Эң мыкты мамлекеттик архив» конкурсунун жеңүүчүсү болуп, Облустук мамлекеттик архивинин «Ардак грамотасы», 2006-жылы «Архив ишинин отличниги»төш белгиси, 2008-жылы Райондук мамлекеттик администрациясынын «Ардак грамотасы», 2008-жылы КР Маданият жана маалымат министрлигини «Жылдын мыкты архиви» диплому сыйлыктарынын ээси. 2011-жылдын архив ишинин 85 жылдык мааракесине карата КР «Ардак грамотасын» алган.

2015-жылы Сагын Шералиева наамындагы дипломунун жана 2016-жылы Ош облустук мамлекеттик архивинин «Мыкты жетекчи» наамы дипломдорунун ээси болгон. 2016-жылдын июнь айында Беларуссиянын Минск шаарында өткөн Архив кызматы тууралуу эл аралык конференциянын катышуучусу.

Үлгүлүү үй-бүлө.Уул-кыздары ар түрдүү тармактарда үзүрлүү эмгектенип жатышат.

2022-жылдын февраль айынан баштап ардактуу эс алууга чыкты. Азыркы күндө беш баласы бар, 22 неберенин ардактуу чоң эне, таенеси.

Шура Муратова архив иши тууралуу буларды эскерет:

-1996-жылдагы архив кызматы менен азыркы кездеги архивдин айырмасы абдан чоң. Архив тармагы ал кезде облустук,



райондук болобу, айтор, көңүл чордонунан алыс, кароосуз калган жетим баладай абалда болчу. Мекеме-уюмдардын, колхоз совхоздордун документтери топтолбогон, бирдиктүү бир системага жыйналбаган, материалдык –техникалык базасы начар, имараттары эски болгон, кызматкерлердин эмгек маянасы көңүл жылытаарлык эмес абалда эле.

Архив – бул өзгөчө баалуу тарыхтын топтому, ар бир эл үчүн, ар бир улут үчүн өзүн таанып-билүү, ата-тегин билүү, тамырын тактап таануу зарылдыгы экендигин түшүнүү деңгээлинде маанилүү.

Келечекте Архив кызматы – заманбап материалдык-техникалык каражаттар менен камсыз болгон, керектүү маалыматты бир эле шилтеме менен таап алууга ыңгайланышкан, кесипкөй адистер менен камсыз болгон архив болот деп эсептейм. Ошого байланыштуу, санариптештирүү иши архив тармагын жеңилдетет го деп ойлойм.

У. Досбаева,
Ноокат райондук мамлекеттик архивинин башкы архивисти.

Маданият, маалымат, жаштар саясаты, кино. Курултайдан кийинки мүмкүнчүлүктөр

2025-жылдын 25–26-декабрь күндөрү Бишкек шаарында өткөн IV Элдик курултайдын делегаттары тарабынан Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигине 82 кайрылуу берилген.

Делегаттардын кайрылуусунун басымдуу бөлүгү тарыхый-маданий мурасты сактоо жана кесиптик искусствону өнүктүрүү, маданият жана искусство уюмдарынын кадрдык потенциалын жана материалдык-техникалык базасын чыңдоого негизделген.

Ошондой эле диалогдук долбоордун алкагында музейлерди, тарыхый-маданий жана материалдык эмес маданий мурастар, искусствого, китепкана тармагын өнүктүрүүнүн жаңы, заманбап багыттарын аныктоо, актуалдуу маселелери боюнча тыгыз иш-чаралар өткөрүүнү сунуш кылышкан.

Курултай делегаттары Жети-Өгүз районунун Ичке-Булуң айылына, Жумгал районунун Чаек айылына, Кадамжай районунун Үч-Коргон айылына, Манас районуна, Өзгөн районунун Куршаб айылына, Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл аймагына, Лейлек району, Лейлек айыл аймагынын Коргон айылына маданий-агартуучу усулдук борбор, райондук театр, маданият бөлүмү, маданият үйү, музей маданий борбор куруп берүүнү суранышкан.

Министрлик тарабынан курултайда белгиленген маселелерди ишке ашыруу аракеттери Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 15-августундагы “Маданият, искусство жана спорт чөйрөсүн мамлекеттик колдоонун кечиктирилгис чаралары жөнүндө” жарлыгында белгиленген иш-аракеттерди ишке ашыруунун алкагында жүргүзүлүп жатат.

2026-жылга карата министрликтин алдына коюлган артыкчылыктуу милдеттери болуп, маданият тармагын санариптештирүү, креативдүү индустрияларды өнүктүрүү, аймактардагы маданий мекемелердин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу, улуттук маданий мурастарды сактоо жана дүйнөлүк деңгээлде жайылтуу, маданият кызматкерлеринин социалдык абалын жакшыртуу, тармактагы кадрдык потенциалды күчөтүү жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү активдештирүү болуп саналат.

Бул багытта 2026-2030-жылдарга Кыргыз Республикасындагы маданият жана искусствонун өнүгүү программасы расмий түрдө бекитилди.

Маданият чөйрөсүн каржылоонун көлөмү жыл сайын туруктуу өсүп, тармактын бюджети 2021-жылы 2,8 млрд сомду түзсө, 2025-жылы бул көрсөткүч 6,9 млрд сомго чейин көбөйүп, акыркы беш жыл ичинде каржылоо дээрлик 2,5 эсеге өскөн. 2025-жылы жылы маданият мекемелеринин материалдык-техникалык базасын чыңдоого 851 млн сом бөлүнсө, 2026-жылы Маданият тармагына 2026-жылы 6,4 млрд сом бөлүндү.

2026-жылдын 1 -апрелден тартып маданият кызматкерлеринин айлыгы жүз пайызга көтөрүлдү. Президенттин компенсация төлөмү бардык маданият мекемелеринде штаттык бирдикте иштегендер үчүн 15 миң сом өлчөмүндө белгиленди.

Бишкекте жаңы көп функционалдуу маданий борбордун пайдубалына капсула салынды. Маданият жана искусство багытындагы 21 билим берүү мекемесине вокалдык-аспаптык ансамблдер үчүн музыкалык аспаптар расмий тапшырылды. Маданият мекемелерине 176,9 млн сомго Кыргызстандагы өндүрүштөн чыккан 117 автоунаа сатып алынып, тапшырылды.

Т. Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында коюлуп жаткан “Раймалы менен Бегимай”, “Жамиля”, “Сүймөнкул” мюзиклдери коомчулукта чыныгы жаңылык жаратты. “Раймалы менен Бегимай” мюзикли 10 млн сомго даярдалып, кыска убакытта 30 миллиондук касса чогултту.

Ал эми А. Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук опера жана балет театрындагы жабдыктар 60 млн сомго жаңыртылып, дүйнөлүк пианисттер үчүн 25 миллион сомго Steinway роялы сатылып алынган.

Б. Кыдыкеева атындагы Кыргыз мамлекеттик жаш көрүүчүлөр театрына дээрлик 80 млн сом бөлүнүп, масштабдуу реконструкция жүрдү.

Ч. Айтматов атындагы Орус драма театрына 300 млн сомдон ашык каражат бөлүнүп, капиталдык ремонттон өттү. Ошондой эле Т. Абдымомунов атындагы Кыргыз улуттук драма театрынын сахна жабдыктары 30 млн сомго жаңыртылган.

Учурда Кыргыз улуттук “Манас Ордо” комплексинин, Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз улуттук маданият жана искусство университетинин, М. Күрөңкеев атындагы улуттук музыкалык окуу жайынын жана Ниязалы атындагы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайынын окуу корпустарынын, Жалал-Абад облустук филармониясынын, Ала-Бука, Ак-Талаа, Кочкор райондорундагы жана Таш-Көмүр шаардык балдар музыкалык жана искусство мектептеринин имараттары курулуп жатат.

2027-жылга чейин 3 көп функционалдуу “Маданият Ордо” борборунун, 3 музыкалык мектептин типтүү долбоору иштелип чыгат жана бирдиктүү үлгү боюнча 30 борбор, 30 музыкалык мектеп курулат.

2030-жылга чейин жыл сайын бардык аймактарда 50 маданият мекемесине капиталдык оңдоо жүргүзүлөт жана 50дөн ашык маданият мекемелерин эмерек, техника жана музыкалык аспаптар менен жабдуу иштери жүргүзүлөт.

Типтүү маданият борборлорун куруу алгач райондордун борборлорундагы авариялык абалда турган маданият үйлөрдүн ордуна же райондук маданият үйү жок райондордо ишке ашырылат.

Аталган объекттер боюнча иштер толук бүткөрүлгөндөн кийин, айылдык аймактарда типтүү маданият борборлорун куруу маселеси каралат.

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги мамлекеттик каражаттардын, гранттардын, насыялардын жана эл аралык долбоорлордун эсебинен каржылануучу социалдык-маданий жана турмуш-тиричилик багытындагы объекттерин куруу, реконструкциялоо жана капиталдык оңдоп-куруу боюнча “Бирдиктүү заказчынын” милдетин аткарат.

Курултайдан кийинки 3 айдын аралыгында министрлик тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы менен биргеликте ишке ашырылып жаткан

“Art Dialog” долбоорунун алкагында музейлерди, тарыхый-маданий жана материалдык эмес маданий мурастар, китеп жана китепкана тармагын өнүктүрүүнүн жаңы, заманбап багыттарын аныктоо, актуалдуу маселелери боюнча иш-чаралар өткөрүлдү.

Министрлик улуттук адабиятты өнүктүрүүгө жана жайылтууга артыкчылык берүүдө. 100 аталыштагы 100 000 нуска китеп жарык көрдү. Ч. Айтматовдун 100 жылдыгына 12 томдук жыйнагы басылып, 4,5 млн сом бөлүнгөн.

Бишкек шаарында “Кыргызстан жаштар кыймылынын” комьюнити-борбору ачылды. Борбор Кыргыз Республикасынын Президенти

С. Жапаровдун тапшырмасынын негизинде, Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан жаштар демилгелерин өнүктүрүү жана колдоо үчүн заманбап аянтча катары ачылды.

Сулайман-Тоо музей-комплексинин корук аймагындагы көрүстөндөрдү ирээтке келтирүү максатында ведомстволор аралык комиссия түзүлүп, ишин баштады.

Бул иштер эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (Дүйнөлүк банк) тарабынан каржыланган модернизациялоо долбоорунун алкагында иштер жүргүзүлүп жатат.

Ысык-Көл районунун Өрнөк айылында Курманжан Датка атындагы Көчмөн цивилизация борборунун базасында Салттуу кол өнөрчүлүк борбору ачылды.

Долбоор Кыргыз Республикасы менен Корея Республикасынын кызматташтыгынын алкагында, ЮНЕСКОнун алдындагы ICHCAP уюмунун колдоосу менен ишке ашырылды. Анын максаты — салттуу кол өнөрчүлүктү өнүктүрүү, маданий туризмди илгерилетүү жана материалдык эмес маданий мурастарды сактоо болуп саналат.

Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги, Маалымат башкармалыгы.

Тарых күүсүндөгү инсан

КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ ГЕНЕРАЛЫ

(башталышы мурунку санда)

1940-жылдын башында Үрүмчүдөгү өкмөт Кашкардагы 35-кыргыз атчандар полкун, анын ичинде советтик офицерлерди да бүт таратат. Ысакбекти бригада командирлигинен алып, кыргыз-казак, монгол агартуу уюшмасы деген мекемеге башчы кылып, Кулжа шаарына жөнөтөт.

1943-жылдын эрте жазында генерал-губернатор Шень Ши Цай Үрүмчүгө кеңешме-жыйынга чакырат.

1943-жылы жазында генерал Ысакбек Монуев 3 жашар уулу Абдыкайымды алып, Акмат Дубанаев (адъютанты) үчөө СССРге качып өтөт. Аларды Алматыда Казак ССРинин жетекчилери тосуп алат. Өзбекстан КП БКнын биринчи катчысы Усман Юсупов баш болгон расмий делегация барып, Ысакбек менен жолугушат. Кыргыз ССРинин КП (б) Борбордук Комитетинин биринчи секретары Вагов Алексей Власович менен Кыргыз ССРинин Эл комиссарлор Советинин төрагасы Төрөбай Кулатов экөө барып, Ысакбек алар менен Фрунзеге келет.

***

Ысакбек Монуев Советтер Союзуна качып өткөндөн кийин Кулжада калган аялдары Турганбүбү менен Гүлайды полиция тез эле кармап, Кулжадагы түрмөгө камайт. Кийинчерээк аларды Үрүмчүдөгү аялдар түрмөсүнө алып кетишет. Турганбүбү советтик элчилик менен байланышып, чекисттердин жардамы менен почта салынган самолеттун куйругуна жашынып качып өтүп, Фрунзеге келет. Гүлай да кийинчерээк Үрүмчүдөгү аялдар түрмөсүнөн бошотулат, “Баламан айрылып, эмне кылам” деп ошол жакта калып калат.

***

Ысакбек Монуев 1943-жылдын жазында Советтер Союзуна качып өткөндөн кийин 2 айдан кийин советтик атайын кызмат Улуучат ооданында жашаган анын 30-40 түтүн туугандарын Эркечтам аркылуу түн жамынтып, СССРге өткөрүшөт.

Качуу планын Мону ажы жана анын агасынын уулу Көккөз Кудайбердиев баш болгон 2-3 гана адам билген. 1944-жылдын жазында анын 30-40 түтүн туугандары Чөгөмдөн орун алат, 1950-жылга чейин өкмөттүн камсыздоосунда болгон. Ысакбек Монуев 1945-жылы Ошто туугандары менен 2-3 жолу жолугуп кайткан.

***

1944-жылдын март айында Кыргызстанда Монуевдин жетекчилиги алдында “Буйгу” жана “Баатыр” деп аталган эки жашыруун атайын аскердик отряд түзүлөт. Алар Ысык-Ата курортунда машыгуудан өтүшөт. Мындай жашыруун аскер отряддары Казакстанда, Өзбекстанда жана Тажикстанда да түзүлүп, аларга Ысакбек Монуев баш-көз болуп тургандыгын генералдын Ташкентке, Душанбеге жана Алма-Атага тез-тез каттап тургандыгы далил болуп турат. Ошол убакта Тажик ССРинин КП (б) Борбордук Бомитетинин биринчи секретары Д.З.Протопопов баш болгон жетекчилер ага 2 күлүк тартуулашкан.



132 аскерден турган “Буйгунун” өзөгүн Кашкардагы 35-полктун тажрыйбалуу офицерлери түзгөн, алардын арасында Көккөз Кудайбердиев, Орозмамат Шананов сыяктуу Монуевдин туугандары болгон. Алар Ысык-Ата курортунда 4-5 ай машыгуудан өтүшкөндөн кийин, кайра Гүлчөгө келишкен. Канат Ажибеков (отряддын өтүкчүсү) деген саткынчы Ы.Монуевге тартууланган күлүк атты минип , Кытайга качып кеткен. “Буйгунун” Эркештам аркылуу өтүү планы ишке ашпай калган.

***

1944-жылдын 10-октябрында Казак автономиясы облусу жайгашкан аймакта кубаттуу улуттук –бөштондук көтөрүлүшүнүн оту тутанат. 1944-жылдын 12-ноябрында Кулжанын борбордук бөлүгүнөн гоминдандык бийлик сүрүлөөрү менен эле көз карандысыз Чыгыш Түркстан Республикасы түзүлгөндүгү жарыяланат. Бул учур Чыгыш Түркстандын элдери үчүн улуттук-патриоттук духу бийик деңгээлге көтөрүлгөн өзгөчө мезгил эле. Түзүлгөн күндөн тартып эле бардык мамлекеттик атрибуттарды кабыл алган. Зунун Таипов “Бөштондук үчүн күрөштө” деген китебинде ЧТРдын убактылуу өкмөттүн саясаты тууралуу “Декларация жарыяланып, аны калк канааттануу менен кабыл алды” деп жазат.

Көз карандысыз Чыгыш Түркстан Республикасынын убактылуу өкмөтүнүн башчылыгына Токмок шаарында туулуп өскөн, улуту өзбек Алихан төрө (Шакир даммулла Хаджиев) шайланат. 1945-жылдын январында Чыгыш Түркстан Республикасынын убактылуу өкмөтүнүн башчылыгына мурда Ташкент шаарындагы Орто Азия коммунисттик университетинде окуп кеткен, уйгур лидерлеринин бири Ахмеджан Касими келет.

(уландысы бар)

Материалды даярдаган: Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.

“ДОСТУК” ОРДЕНДҮҮ БАТЫРАЛЫ СЫДЫКОВ АТЫН

АЛДЫҢКЫ КОЛЛЕДЖДЕРДИН САП БАШЫНА ЧЫКТЫК



Бүгүнкү күндө билим берүү системасы ылдам өзгөрүп, жаңы талаптарды коюп жаткан шартта атаандаштыкка жөндөмдүү, заманбап ой жүгүрткөн адистерди даярдоо – ар бир окуу жайдын башкы милдети. “Достук” орденду Батыралы Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети бул багытта өзүнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыздап, билим сапатын жогорулатууга өзгөчө басым жасап келет.

Бул жаатта сыймыктана турган жаңылыктарыбыз көп. Башкасын айтпаганда да, жакында университетибиздин колледждери өлкө боюнча өткөрүлгөн орто кесиптик окуу жайлардын улуттук рейтингинде жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендигин сыймыктануу менен баса белгилеп койгум келет. Айрыкча, медициналык колледждин институционалдык аккредитацияда 2-орунду, ал эми “Медайым иши” программасынын 1-орунду багындыруусу – бул сапаттуу билим берүүнүн айкын далили. Ошондой эле Билим берүү инновациялары колледжинин алдыңкы ондукка кириши жана “Башталгыч класстарды окутуу” адистигинин 2-орунду ээлеши биздин системалуу эмгегибиздин жыйынтыгы болуп саналат.

Университетибиздин курамындагы төрт колледж: Ала-Бука кесиптик колледжи, Медициналык колледж, STEM колдонмо кесиптер колледжи жана Билим берүү инновациялары колледжи – ар бири өзүнүн багыты боюнча мезгил талабына жооп берген уникалдуу билим берүү моделин сунуштайт.

Ала-Бука кесиптик колледжи көп маданияттуу билим берүү аркылуу этностор аралык ынтымакты чыңдап, аймактык өнүгүүгө салым кошуп келет. Медициналык колледж заманбап материалдык-техникалык базасы менен практикага багытталган сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууда. STEM колдонмо кесиптер колледжи инновациялык технологияларды өздөштүргөн, өндүрүшкө жакын адистерди даярдоого басым жасайт. Ал эми Билим берүү инновациялары колледжи педагогикалык жана тилдик багыттагы адистерди даярдоодо жаңыча ыкмаларды ийгиликтүү ишке ашырып келет.

Бул жетишкендиктер – биздин жамааттын үзүрлүү эмгегинин, окутуучулардын кесипкөйлүгүнүн жана студенттердин биргелешкен аракетинин жыйынтыгы. Ошол эле учурда, бул ийгиликтер алдыга коюлган максаттарыбыздын башаты гана экенин баса белгилеп коюшубуз керек. Биз мындан ары да билим берүүнүн сапатын арттыруу, эл аралык стандарттарга шайкеш келүү жана эмгек рыногунун талаптарына жооп берген адистерди даярдоо багытында ишибизди уланта беребиз.

Биздин колледждер мындан ары да жаңы ийгиликтерди жаратып, өлкөбүздүн билим берүү системасынын өнүгүшүнө татыктуу салым кошо берет деп терең ишенем.

Абдилбает Мамасыдыков,
КӨЭАУнун ректору,
экономика илимдеринин доктору,
профессор.

Медициналык колледжи – келечекке ишенимдүү кадам

Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин Медициналык колледжи — бул келечектеги дарыгерлерди, медайымдарды жана фармацевттерди даярдаган ишенимдүү билим берүү очогу. Эгер, сиз медицина тармагында ийгиликтүү карьера курууну кыялдансаңыз, анда бул колледж сиз үчүн эң туура тандоо. Медициналык колледж 2005-жылы негизделип, 2009-жылдан тарта расмий түрдө колледж макамын алган. Колледжде билим берүү ишмердүүлүгү мыйзамдуу негизде жүргүзүлүп, мөөнөтсүз лицензияга ээ. Бул — сапаттуу билимдин кепилдиги.

Студенттер төмөнкү актуалдуу жана суроо-талап жогору болгон багыттар боюнча билим алышат: Дарылоо иши; Акушердик иш; Ортопедиялык стоматология; Профилактикалык стоматология; Фармация; Медициналык айым иши;

Студенттерди окутуу үчүн окуу кабинеттери, медайымдык бөлмөлөр, операциялык жана реанимация бөлүмдөрү, лекциялык залдар, окуу залы, китепкана бөлүнүп, даярдалган. Бардык бөлмөлөр керектүү эмеректер, плакаттар, столдор, фантомдор, муляждар, интерактивдүү панелдер, интерактивдүү доскалар, «ANATOMIX» виртуалдык 3D комплекси менен жабдылган. Спорт залы, спорт аянтчасы, кенен профилдеги ачык стадион, медпункт, коомдук тамактануу пункту, спорт комплекси, студенттер үйү бар.

Ошондой эле райондук акимчилик тарабынан бөлүнгөн жакыр үй-бүлөлөргө материалдык жардам берилип келет.

1999-жылдан бери окуу жайыбыз бейөкмөттүк уюмдар тарабынан уюштурулган ар кандай семинарларга активдүү катышып келет. “Музыка-бул эстетикалык мамилеге жол”, “Билим берүү аркылуу этникалык интеграция” жана “Ботаникалык бак” аттуу долбоорлорго катышып гранттар утуп алынган. Жыйынтыгында институтка музыкалык аппарат алынган жана 1,5 гектар жерге ботаникалык бак уюштурулуп. азыркы күндө өз жемишин берип жатат. АРС жана ПРООН тарабынан уюштурулган “Граждандык өнүгүү жана чек арадагы көйгөйлөр” программасы боюнча Аксы районунун Кербен шаарында жана Өзбекстан Республикасынын Наманган шаарында өткөрүлгөн форумдарына активдүү катышып келет.

- Мектепке чейинки билим берүү;
- Чет тилдер жана котормо иши.

Окуу жай билим берүү программаларын модернизациялоо, санариптик технологияларды колдонуу, студенттердин академиялык жетишкендиктерин жогорулатуу жана окутуучулардын илимий потенциалын өнүктүрүү багытында иш алып барууда.

STEM Колдонмо кесиптер колледжи - ийгиликке карай ишенимдүү кадам

Азыркы учурда билим берүү тармагында сапатка, практикага жана заманбап технологияларга өзгөчө көңүл бурулуп жаткан мезгилде, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин курамындагы STEM колдонмо кесиптер колледжи өзүнүн туруктуу өнүгүүсү, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен



Ала-Бука кесиптик колледжи

Ала-Бука кесиптик колледжи Жалал–Абад областынын Ала-Бука районунда жайгашкан. Ала-Бука кесиптик колледжинде жаш кадрларды ынтымакка, достукка жана патриоттуулукка үндөө максатында тарбиялык маанидеги иш-чаралар жана спорттук оюндар байма бай өткөрүлүп келет. Окуу жай уюшулгандан баштап ар кандай мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен биргеликте эл арасында семинарларды, мониторингдерди уюштуруп, кайрымдуулук иштерин жүргүзүп келе жатат. Ар жылы карыларды жана балдарды коргоо күнүнө карата окуу жай тарабынан балдарга концерттик программа даярдалып, белектер берилип келе жатат.

Билим берүү инновациялары колледжи: мезгил чакырыгы биз менен!

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүү жана кесиптик билим берүү түзүмүн өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 1997-жылдын 31-мартындагы жарлыгына жана Өкмөттүн 1997-жылдын 30-майындагы токтомуна ылайык Кыргыз-Өзбек индустриалдык колледжи түзүлгөн. 2007-жылдан тартып колледж өз алдынча структуралык бирдик катары кайра уюштурулган.

2011-жылы окуу жайдын статусу өзгөртүлүп, ал “Социалдык колледж” деп аталып, билим берүү багыттары кеңейтилген. 2019-жылы окуу жай “Кесиптик колледж” болуп кайра аталып, заманбап талаптарга жооп берген кесиптик билим берүү мекемеси катары өнүгүүсүн уланткан. 2020-жылдан тартып колледжди физика-математика илимдеринин доктору, доцент Ч.Х.Абдуллаева жетектейт.

2025-жылы студенттердин санынын олуттуу өсүшүнө байланыштуу колледж эки өз алдынча түзүмгө бөлүнүп, педагогикалык багыттагы адистиктерди камтыган жаңы “Билим берүү инновациялары колледжи” түзүлгөн. Азыркы учурда колледжде орто кесиптик билим берүү программалары төмөнкү адистиктер боюнча ишке ашырылууда:

- Башталгыч билим берүү;

айырмаланып келет. STEM колдонмо кесиптер колледждин директору болуп техника илимдеринин кандидаты, доцент Зулпуев Замирбек Базарбаевич дайындалган.

Даярдалуучу адистиктер

Колледжде учурда эмгек рыногунда жогорку суроо-талапка ээ болгон төмөнкү адистиктер боюнча кадрлар даярдалууда:

- Автоунааларды оңдоо жана аларды техникалык жактан тейлөө;
- Эсептөө техникасы менен автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо;
- Электр менен камсыздоо (тармактар боюнча);
- Тигүү кийимдерин конструкциялоонун жана моделдештирүүнүн технологиясы;
- Укук жана социалдык камсыздоону уюштуруу;
- Укук таануу;
- Финансы (тармактар боюнча);
- Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча).

Окуу формасы жана шарттары

Колледжде окуу күндүзгү жана сырткы формада жүргүзүлөт.

- 9-класстын базасында окуу мөөнөтү — 2 жыл 10 ай;
- 11-класстын базасында күндүзгү - 1 жыл 10 ай, ал эми сырткы бөлүмдө – 2 жыл 6 ай.

Окуу бюджеттик жана контрактык негизде жүргүзүлөт, бул абитуриенттерге өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша билим алууга шарт түзөт.

Кошумча маалыматтар менен www.kumu.kg сайтынан тааныша аласыз.

ДАГЫ КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

БИЛИМ: АБИТУРИЕНТ – 2026

ЖОГОРКУ, ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ГРАНТТЫК (БЮДЖЕТТИК) ЖАНА КЕЛИШИМДИК ОРУНДАРЫНА ТӨМӨНДӨГҮ БАГЫТТАР (АДИСТИКТЕР) БОЮНЧА КАБЫЛ АЛУУ ЖҮРГҮЗҮЛӨТ.

ГУМАНИТАРДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ

550700 - Педагогика (башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы);
532000 - Дене тарбия жана спорт (ЖРТ талап кылынбайт);
530300 - Психология.

Инженердик- технологиялык жана табигый-педагогикалык факультети

710100 - Информатика жана эсептөө техникасы (кош диплом алуу артыкчылыгы бар Кыргызстан-Россия);
570700 - Костюм жана текстиль искусствосу;
640200 - Электроэнергетика жана электротехника;
610300 - Агроинженерия;
670200 - Транспорттук-технологиялык машиналарды жана комплекстерди эксплуатациялоо;
740700 - Жеңил өнөр жай буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо;
550800 - Кесиптик билим берүү;
570400 - Дизайн (ЖРТ талап кылынбайт);
570025 - Графика (ЖРТ талап кылынбайт);
630400 - Нефтегаз иши;
550200 - Физика-математикалык билим беруу (физика, математика, информатика);
550100 - Табигый-илимий





билим берүү (химия, биология, география);
510200 - Колдонмо математика жана информатика;
710300 - Колдонмо информатика;
520800 - Экология жана жаратылышты пайдалануу;
600200 - Туризм;
Эксп. - Математика, кошумча информатика багыты;
Эксп. - Физика, кошумча информатика багыты;
Эксп. - Химия, кошумча биология багыты.

ТАРЫХ-ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

50300 - Филологиялык билим берүү:
- Англис тили;
- Кыргыз тили жана адабияты;
- Орус тили жана адабияты;
- Өзбек тили жана адабияты;

531100 - Лингвистика;
550400 - Социалдык-экономикалык билим берүү (тарых);
Эксп. -Англис тили, кошумча немис тили.

ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ

560001 - Дарылоо иши 5 жыл (чет элдик жарандар үчүн);
560001 - Дарылоо иши 6 жыл;
560004 - Стоматология 5 жыл;
560005 - Фармация 5 жыл.

ЮРИДИКА-ЭКОНОМИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ

530500 - Юриспруденция;
530004 - Бажы иши;
580100 - Экономика (каржы жана насыя; бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит; ишканалардын экономикасы жана башкаруу: салык жана салыкка тартуу, экономикалык коопсуздук) (кош диплом алуу артыкчылыгы бар Кыргызстан-Россия);
540200 - Социалдык иш;
580200 - Менеджмент;
580500 - Бизнес-информатика (кош диплом алуу артыкчылыгы бар Кыргызстан-Россия).

МАГИСТРАТУРА

550300 - Филологиялык билим берүү (англис тили, кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты);
550400 - Социалдык-экономикалык билим берүү (тарых);
550700 - Педагогика (башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы);
550200 – Физика-математикалык билим берүү (физика, математика, информатика);
532000 - Дене тарбия жана спорт;
570700 - Костюм жана текстиль искусствосу:
710300 - Колдонмо информатика;
550100 - Табигый илимий билим берүү (химия, биология, география);
